**Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темадагы13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

Диссертациялык иш Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчиси – КР Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү,педагогика илимдеринин доктору, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын профессору Ишекеев Назаркул Ишекеевич.

Диссертациянын жалпы көлөмү – 164 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 308, таблицалар – 11, сүрөттөр – 5.

**Киришүү бөлүмүндө** салттуу түрдө изилдөөнүн актуалдуулугу, иштин максат-милдеттери, жаңылыгы ж.б. тууралуу жалпы илимий-теориялык обзор берилген.

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Кыргыз адабиятында балдар жазуучуларынын прозалык чыгармалары негизинен тарбиялоо үчүн жазылат. Андай чыгармалардын бир тобу башталгыч класстардын адабий окуу предмети аркылуу мектептерде окутулуп жүрөт. Узак мезгил аралыганда балдар адабиятынбашталгыч класстарда окутуунун бир топ тажрыйбалары топтолуп, практик мугалимдер тарабынан окутуунун жолдору жана ыкмалары иштелип чыкса да, алар илимий жалпылоолордун, анализдеп келип синтездөөнүн объектисине айлана



КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 95 «15» 11 2021 ж/г

элек. Азыркы ааламдашуунун таасири балдардын жүрүш-турушунда, мүнөзүндө терс сапаттарды пайда кылып, аларды оң жолго баштоонун ар түрдүү жолдору изилденип жатканда бул диссертациянын жазылышы өзгөчө зарылдык болуп эсептелет.

КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндө жарлыгында жаштарды тарбиялоодо көркөм адабияттын ролу да өзгөчө орунду ээлеп турары белгиленген. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» курсунда кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларын окутуу азыркы балдардын мекенчилдик сезимдерин өстүрүп, алардын адамгерчилик сапаттарын калыптоодо чоң мааниге ээ. Ал эми окуу программасында жана окуу китептеринде сунуш кылынган чыгармаларды этнопедагогикалык аспектиден талдоо окуучуларды кыргыз элинин этникалык маданияты менен тааныштырууда, эне тилдин байлыктарын үйрөтүүдө бүгүнкү күн үчүн педагогикалык зарыл каражат болуп эсептелет.

Кыргыз адабиятынын балдар үчүн жазылган карасөз түрүндөгү чыгармаларын окутууда биринчи кезекте жазуучулардын чыгармаларынын көркөм тексттеринде камтылган этнопедагогикалык идеяларды таап чыгып, аларды азыркы замандын кырдаал-шартына ылайык башталгыч класс окуучуларынын сезимине таасир бере турган деңгээлге жеткирип котөрүп чыгуу, тексттеги жана подтексттеги руханий баалуулуктарды бала жүрөгүнө жеткирүү үчүн мугалимге методикалык изилдөөлөр керек болсо, бул диссертация ошол адабий окуу сабагында мугалимге жол корсотүүчү багыт, анын чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштуруунун оптималдуу ыкмаларын, жолдорун корсотүп берүүчү эмгектердин бири болуп саналат.

Биздин пикир боюнча диссертант тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдоо бүгүнкү күн үчүн актуалдуу жана азыркы мектеп практикасы үчүн керектүү эмгек.

Биринчи глава **«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү проблемасынын изилдениши жана методологиялык негиздери»** деп аталып, анда адегенде кыргыз балдар адабиятынын этнопедагогикалык мазмуну, таалим-тарбиялык функциялары жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы ачып берилет. Автор балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуунун илимий-теориялык жактан изилдениши, алардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана усулдук эмгектерде изилдениши тууралуу пикирлерди анализдеп, маселеге тарыхый өңүттөн обзор берет.

Диссертант кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын таалим-тарбия берүүчү функциялары жана ал аркылуу окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетентүүлүктөрдү өзүнө параграф катары караганын колдоого алууга болот. Автор тарабынан «компетенциялар», «компетенттүүлүк» деген түшүнүктөрдүн мааниси, «маданий компетенттүүлүк», «этнопедагогикалык маданият», «этнопедагогикалык компетенттүүлүк»деген түшүнүктөрдүн маанилери илимий теориялык адабияттар аркылуу ачып көрсөтүлөт (В.А.Николаев, Г.Н.Волков, М.Г.Харитонов ж.б.). 3-класста Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинен үзүндү окутуу аркылуу «Жети ата» деген түшүнүктү окуучуларга жеткирүүнүн жолдору чагылдырылат.

Изденүүчү кыргыз балдар прозасын этнопедагогикалык негизде окутуунун негизги талаптары катары төмөнкүлөрдү көрсотөт: «окуп-үйрөнүү үчүн тандалган чыгарманын окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк жарата алышы; окулуучу тексттин мазмунунда жана формасында кыргыз элинин педагогикалык маданияты, улуттук руханий баалуулуктары камтылышы; адабий чыгарманы окутуп жаткан мугалимдин этнопедагогикалык билими жана элдик педагогикалык маданият тууралуу кеңири маалыматтары болушу; тексттин тилдик

курамында, анын ичинде лексикасында, фразеологияларында улуттук тилдин бай казынасынан алынган материалдар болгону»ж.б.

Диссертацияда коюлган милдеттерди чечүү үчүн Г.Н.Волков, Б.Алымов, Н.Ишекеев, С.Батаканова, А.Муратов, С.Рысбаев ж.б. этнопедагогдордун жана методисттердин эмгектерине таянат. Көркөм тексттер катары Ч.Айтматов, Т.Касымбеков, Ш.Бейшеналиев, Д.Сулайманов, Т.Сыдыкбеков, С.Рысбаев ж.б. жазуучулардын чыгармалары мисалга алынат. Бул чыгармаларды мисалга алуу туура тандалган, себеби алардын чыгармаларында элдик педагогикалык ойлор, этномаданий салттар кеңири колдонулган.

Жалпысынан, биринчи глава изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин аныктап алууга багытталгандыгы диссертацияга коюлган ЖАКтын жобосундагы талаптарга ылайык келет.

Диссертациянын экинчи главасы: **«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталат. Анда изилдөөнүн объектиси болгонIII-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги балдар жазуучуларынын чыгармалары иштин негизги материалдары болгондугу айтылып, аталган класстардын окуу китептеринин, андагы прозалык чыгармалардын сунушталыш анализи чагылдырылган.

Изилдөөнүн методдору катары аңгемелешүү, мектеп документтерин талдоо, байкоо, тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу, илимий булактарды үйрөнүү, башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылыгын үйрөнүү ж.б. методдор тууралуу айтып берет. Т.Касымбековдун «Туулган жер», Б.Абдухамидованын «Эне жана бейиштин мөмөсү», Т.Абыкеевдин «Кумурска менен жалкоо», Д.Сулаймановдун «Балапан», Т.Сыдыкбековдун «Мээримдүү канаттуулар» деген чыгармаларынын негизинде педагогикалык эксперимент жүргүзгөн жана анын оң натыйжасына жетишкен.

Диссертациянын үчүнчү главасы**«Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы»** деп аталат да, анын «III класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын элдик педагогика менен байланыштуу окуп-үйрөнүүнүн жолдору жана ыкмалары» деген параграфында «Адабий окуу» сабагындагы балдар жазуучуларынын көркөм тексттеринин сунушталыш принциптери көрсөтүлөт. Т.Касымбеков «Туулган жер» аңгемесинде жаш өспүрүм Сатыкулдун кандай адам экенин сыноо үчүн тексттеги «жекен», «аргымак», «аргымак оозун чойдуруу», «караны минүү», «каранын оозун чойдуруу», «калкына кетүү», «киндик каны тамган», «биринчи жолу таманын койгон», «бармак басым бир айыл» ж.б. сөздөрдүн, соз айкаштарынын маанисин чечмелөө технологиясын сунуш кылат.3-класста балдар жазуучуларынан Дүйшөн Сулаймановдун «Балапан». Түгөлбай Сыдыкбековдун «Мээримдүү канаттуулар» 3-класста Темиркул Үмөталиевдин «Наристе чакта көргөнүм». Түмөнбай Байзаковдун «Биз силердей кезибизде». «Атам кызык киши эле», Чыңгыз Айтматовдун «Кичинекей тилмеч» деген аңгемелерин этнопедагогикалык негизде окутуу технологиялары сунушталат.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу**эмгекте «балдар адабияты», «прозалык чыгарма», «этнопедагогика», «көркөм чыгарманы окутуунун этнопедагогикалык негиздери» түшүнүкторүнүн теориялык аныктамалары текшерилгендиги; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча оптималдуу методикалык ыкмалар табылгандыгы; 3-4-класстарда адабий окуу сабагында балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун тарыхы, өзгөчөлүктөрү, теманы изилдөөнүн эволюциясы жана азыркы абалы аныкталгандыгы; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн салттуу жана инновациялык технологиялары

изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан иштелип чыккандыгы жана иштелип чыгылган методика эксперимент аркылуу текшерилип, мугалимдерге сунушталгандыгы менен шартталат.

**Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

1. Диссертацияда адабияттаануу, педагогика илимдеринин методологиясына таянып башталгыч класстардын адабий окуу курсунда кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларын окутуунун ааламдашуу доорундагы зарылдыгы аныкталгандыгында.

2. Башталгыч класстардын адабий окуу курсунда кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларын окутуу боюнча технологиялар, практикалык сунуштар иштелип чыккандыгында.

3. Изденүүчүнүн теориялык ойлору, сунуштары автордун өзү тарабынан педагогикалык экспериментте сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:** Изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жыйынтыктар жана практикалык сунуштар башталгыч класстардын адабий окуу курсунда [illegible] жазуучуларынын чыгармаларын окутуунун мазмунун байытууда; айтылган сунуштар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда жардам берет; «Адабий окуу» курсунда адабий чыгармаларды талдоодо мугалимдердин сабагында жана класстан тышкаркы окуу учурларында этнопедагогикалык негизде окутуп-тарбиялоого басым жасоого методикалык кеңеш берет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы** тема боюнча макалалар даярдалып, методикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыгып, алар мугалимдерге практикалык жардам бергендиги үчүн талапка жооп берет деп эсептөөгө болот.

**Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары, жоболору**10

макалада, анын ичинде 4 РИНЦ даражасындагы макалада тастыкталган.

**Автореферат** диссертациянын негизги мазмунун ачып берет, анда кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси туура, жеткиликтүү иштелген.

Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанындиссертациясы башталгыч мектептин 3-4-класстарында балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу проблемасы боюнча кыргыз педагогика илиминде өз орду бар, толук бүткөрүлгөн жана өз алдынча аткарылган илимий изилдөө деп эсептеймин.

**Диссертациялык иште кездешкен айрым бир мүчүлүштүктөр жана биздин сунуштар** төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. Диссертацияда көркөм чыгармалардан алынган үзүндүлөр кээде окуу китебинен алынса, кээ бири сайттардан алынган, ошолорду бирдиктүү стандартка салуу керек эле.
2. Диссертацияда жана анын авторефератында башталгыч класстарда адабий окуунун тарыхы боюнча маалыматтар өтө көп берилип, көлөмүнүн кыйла бөлүгүн ээлеп калгандай.
3. Диссертацияда айрым стилдик, пунктуациялык, орфографиялыккаталар кездешет.
4. Эмгектин негизинде башталгыч класстын мугалимдери үчүн методикалык колдонмо чыгаруу зарыл деп эсептеймин.

Биз белгилеген кемчилдиктер жана сунуштар диссертациянын жалпы деңгээлине таасирин тийгизе албайт, биздин пикирлер кийинки эмгектеринде эске алуусу үчүн гана айтылды.

**Жалпысынан,Маатазимова Гулзат Эрмаматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын негизинде жазылган автореферат Кыргыз Республикасынын Жогорку

аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобосуна» ылайык актуалдуу темада жазылган, жеке өзү тарабынан аткарылган жана бүткорүлгөн илимий иш болуп эсептелет, ал эми изденүүчү Г.Э.Маатазимова 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин.

**Расмий оппонент:** **Саттарова Азиза Тешабаевна,**

*М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин*
*кыргыз жана орус тили кафедрасынын башчысы,*
*педагогика илимдеринин доктору, доцент*
*(13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун*
*теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)*

*Педагогика илимдеринин доктору, доцент А.Т.Саттарованын колун тастыктаймын*

Нач ОК ОшТУ: [подпись] /А.К. Алиева/

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.20.623
15.11.2021
Уч. секр. [подпись] Бейшенбаев Д.К.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК [подпись]
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ